УДК: 378.147

*Молдокматова Н. Т., Токушева Т. С.*
*Эл аралык Ала-Тоо университети*

# «УЛУТТУК ДЕМ – ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК» УҢГУЖОЛ БАГЫТТАРЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ ЫКМАЛАРЫ (“МАНАС” ЭПОСУНУН ПРЕЦЕДЕНТТИК ТЕКСТИНИН МИСАЛЫНДА)

*Молдокматова Н. Т., Токушева Т. С.*
*Международный университет Ала-Тоо*

# МЕТОДИКА РЕАЛИЗАЦИИ НАПРАВЛЕНИЙ «ДОКТРИНЫ УҢГУЖОЛ «НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДУХ – МИРОВАЯ ВЫСОТА» НА ЗАНЯТИЯХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА (НА ПРИМЕРЕ ПРЕЦЕДЕНТНОГО ТЕКСТА ЭПОСА «МАНАС»)

***Moldokmatova N. T., Tokusheva T. S.,***
*International Ala-Too University*

# METHODOLOGY OF IMPLEMENTING THE DIRECTIONS OF THE “NATIONAL SPIRIT – WORLD HEIGHT” DOCTRINE IN THE KYRGYZ LANGUAGE LESSON (USING THE EXAMPLE OF THE PRECEDENT TEXT OF THE EPIC "MANAS")

**Аннотация.** Окуучулардын негизги бөлүгү кыргыз тилинин тил ээси болгондугуна карабастан, алар мамлекеттик тилди өз эне тили же экинчи тил катары өздөштүрүүдө узак убакыт бою тилди кыргыз элинин маданиятына, каада-салтына, элдик мүнөзүнө ылайык изилдеп үйрөнүүдөн четтетилип келген. Өлкөдө жарандар аң-сезимдүү курагына келгенден баштап, биринчиден, интеграцияланган чөйрөнүн таасири астында, экинчиден, ааламдашуунун кесепетинен жана үчүнчүдөн, техника менен технологиялардын өтө тез өнүгүп жатканына байланыштуу көп идентификациялуу, татаал менталдуу инсан болуп калыптанып жатканы талашсыз. Бул жагдайга ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужол» аттуу Жарлыгы улуттук баалуулуктарга, көөнөрбөс элдик мурастарга кыргыз тили сабагын өтүүдө айрыкча басым жасап, аларды жаңы ыкмалар менен жаңы нукта өркүндөтүүгө багыттайт.
***Түйүндүү сөздөр:*** *эне тили, интеграцияланган чөйрө, каада-салтты сактоо, уңгужол, жаратылыш, турмушка болгон көз караш, инсан, коом, өнүгүү, жаңы ыкма.*
**Аннотация.** В нашей стране учащиеся, будучи в основной своей массе носителями кыргызского языка, при изучении его как родного или как второго языка долгое время были отстранены от освоения родного языка в соответствии с культурой, традициями и национальными ценностями своего народа. Неоспоримым является тот факт, что граждане страны с момента достижения ими сознательного возраста развиваются как личности со сложной ментальностью и множественной идентичностью. Это происходит, во-первых, под влиянием интегрированной среды; во-вторых, в результате глобализации; в-третьих, в связи с быстрым развитием технологий и техники. В связи с этим Указ Президента Кыргызской Республики, направленный на реализацию доктрины «Основной путь – Уңгужол: “Национальное вдохновение – мировые высоты”», уделяет особое внимание национальным ценностям и нематериальному народному наследию, представленному на уроках кыргызского языка. Ориентация изучения родного языка на обращение к народным истокам предполагает использование инновационных методов и поиск новых подходов в рамках преподавания кыргызского языка.
***Ключевые слова:*** *родной язык, интегрированная среда, сохранение традиций, «Основной путь – Уңгужол», природа, мировоззрение, личность, общество, развитие, новые подходы.*
**Abstract.** Kyrgyz students, being mostly native speakers of the Kyrgyz language, when studying it as a native or second language, were for a long time excluded from studying and mastering their native language in accordance with the culture, traditions and national values of their people. It is an undeniable fact that citizens of the country, from the moment they reach the age of consciousness, develop into individuals with a complex mentality and multiple identities. This happens, firstly, under the influence of the integrated environment, secondly, as a result of globalization, and thirdly, in connection with the rapid development of technology and engineering. In this regard, the Decree of the President of the Kyrgyz Republic “National inspiration – world heights” – the main path pays special attention to national values and intangible national heritage, presented in Kyrgyz language lessons. The focus of studying the native language in line with the appeal to national origins presupposes the use of innovative methods and the search for new approaches in the teaching of the Kyrgyz language.
***Key words:*** *native language, integrated environment, preservation of traditions, main path, nature, views on life, personality, society, development, new approach.*

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун 2024-жылдын 18-декабрында №369 «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужол» аттуу Жарлыгы [1] чыкты. Бул расмий түрдө жиберилген *уңгужол*, же б.а. *доктрина* бардык кыргыз агартуучуларына – мугалимдерге, окутуучуларга, жалпы педагогдорго өз ишмердүүлүгүндө колдонуучу башкы программа болуп

калды. Уңгужолдо көрсөтүлгөн багыттар боюнча иш алып баруунун максаты – кыргыз тилин мамлекеттик тил катары, ошондой эле эне тили жана чет тили катары окутууда кыргыздын чыныгы баалуулуктарын тил менен кошо тааныштырып, негизги *улуттук* өзгөчөлүктөрдү даңазалоону жана окуучуларды *дүйнөлүк бийиктиктерди* багындырууга шыктандырууда аларда коммуникативдик жөндөмдүн курамына кирүүчү лингвистикалык компетенция менен бирге *тилдик-маданияттык* жана *социалдык-маданияттык компетенцияларды* калыптандырууну жүзөгө ашыруу болуп саналат.

Документтеги: «Кыргыз Республикасы тарыхтын акыркы он жылдыктарында кылымдап тутунуп келген уңгужолдон саамга четтей түштү» [1], - деген пикир ырас экенин танууга болбойт. Анткени кыргызстандык болгону менен, бирок коомдогу басымдуу көпчүлүк окуучулар кыргыз тилин өздөштүрүүдө узак убакыт бою тилди кыргыз элинин маданиятына, каада-салтына, элдик мүнөзүнө ылайык изилдеп үйрөнүүдөн четтетилип келген. «Кыргыз эли - көчмөндөр цивилизациясын жараткан байыркы элдердин бири» деп уңгужолдо көрсөтүлгөндөй [1], уюткулуу кыргыз улуту өз баскан жолунда тили менен кошо, улуттук *өрнөк* менен бирге өзгөчө кыргыз тилинин космосун жаратып, аны өнүктүрүп, байытып, коргоп жана сактап калуу үчүн “Манас” эпосу, элдик оозеки чыгармачылык, салт-санаа, байыркы тил касиетинин осуяттары аркылуу өз тилин аздектеп келүүнүн үлгүсүн кийинки муундарга тапшырган.

Н. Молдокматова кыргыз элинин акыркы кылымдарда баскан жолун үч этапка бөлүп кароону сунуштайт: I этап – XVII, XVIII, XIX кылымдардагы кыргыз доору. Ал убак – 1917-жж. чейинки мезгил, б.а. *советтик доорго чейинки* кыргыз элинин тарыхын чагылдырган доор болуп саналат; II этап – 1917-1991-жж. Кеңеш өкмөтүнүн саясатын чагылдырган, *советтик доордогу* кыргыз турмушу; III этап – бул *советтик доордон кийинки мезгил* болуп эсептелет жана ал өзүнө 1991-жылдан баштап азыркы убакка чейинки мезгилди камтыйт [2, 51-52 б.].

Эгерде *биринчи* этапты шарттуу түрдө *уңгужолдун* калыптануу жана өнүгүү мезгили деп карасак, ал эми *үчүнчү* этапты биз улуттук баалуулуктарга кайрылуу, башатты издөө мезгили катары кабыл алабыз. Демек, *кылымдап тутунуп келген уңгужолдон саамга четтей түшкөн* кез дал совет доорундагы жетимиш жылдыкка, *экинчи* этапка туура келип отурат.

Изилдөөчүнүн пикири боюнча, 1917–1991-жылдардагы орусташуу жана советтешүү мезгилинде калыптанып, кээ бири азыр унутулуп калган, ал эми кээ бири бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп жүргөн «пионер», «жолдош», «Ленин», «партия», «комсомол», «согуш», «жеңиш», «салют», «Гагарин», «Москва», «орус тили», «Кайра жаралуу», «Брежнев», «кайра куруу», «Горбачев» ж.б. түшүнүктөр, терминдер жана аталыштар кыргыз дүйнө туюмунда орун алып, Советтер Союзунун курамына кирген республикалардын улуттук тилдеринде жалпы колдонулган лексемалар — советизмдер катары кеңири жайылып, совет элинин активдүү сүйлөө лексикасына кирип, ошол мезгилдин концептосферасын түзгөнү белгилүү [2, 51–52-б.].

1917–1991-жылдарга туура келген II этап кыргыз тарыхынын жана коомунун өнүгүшүнө эки тараптуу таасир тийгизгени талашсыз. Биринчиден, Кыргыз ССРи катары мамлекеттүүлүктүн белгилүү уктарына ээ болуп, башка советтик республикалар менен бирге жигердүү өнүгүп, колхоздоштуруу, электрлештирүү, өнөр жайды жана айыл чарбасын өркүндөтүү, ошондой эле искусство, адабият, кино тармактарында олуттуу жетишкендиктерге жетишкен. Экинчиден, кыргыз тилин сактоо, коргоо, окутуу, изилдөө жана өнүктүрүүдө ачыктан-ачык тоскоолдуктарга туш болуп, анын коомдук функциялары чектелип, экинчи планда калтыруу саясатына дуушар болгон.

Негизи, ар бир улуттук тилдин калыптануу процессине кийлигишүү — ошол улуттун менталдык өнүгүү процессине кийлигишүү менен барабар. Улуттун тили инсандын мүнөзүнүн калыптанышына жана жалпы элдин дүйнө таанымына түздөн-түз таасирин тийгизет (В. фон Гумбольдт). Адам курчап турган чөйрөнү өз тили аркылуу кабылдап, аны баарлашуу аркылуу өз улутунун өкүлдөрүнө өткөрүп берет. Айлана-чөйрөнү кабыл алуу ар бир улуттун жашоо шартына, өнүгүү өзгөчөлүгүнө жана табиятты таануу деңгээлине ылайык калыптанат. Ошондуктан бир эле кырдаал ар улутта ар башкача образдык жана тилдик көрүнүштө чагылдырылат. Мисалы, «Сколько волка ни корми, он всё в лес смотрит» деген орус макалында карышкырдын табияты өзгөрбөй турганы, аны колго үйрөтүү мүмкүн эместиги тууралуу түшүнүк берилет. Ал эми кыргыз макалында «Бөрү баласы ит болбойт» деп айтылып, бөрү (карышкыр) тергөө сөзү менен берилген. Бул жерде «бөрү баласы» түшүнүгү адам баласы сыяктуу сөз түзүлүшүндө колдонулуп, адамдын табиятында

болгон касиетти толук өзгөртүүгө мүмкүн эместиги, тубаса мүнөз жана жөндөмдөрдүн негизги ролу тууралуу маани жатат.

Эки элдин макалдарын бир жагынан эквиваленттүү мааниде кароого болот, бирок башка улуттун өкүлдөрү үчүн «бөрү» деген сөз лакунада турган түшүнүк болуп калышы мүмкүн. Мындайча айтканда, кыргыз тилинде карышкырдын образы өзгөчө касиетке ээ жаныбар катары жана тотемдик мааниге байланыштуу болгондуктан, анын баштапкы аталышы түздөн-түз колдонулбай, «бөрү», «көк жал», «кашаба» сыяктуу эвфемистикалык аталыштар менен берилет.

Эгер буга эквивалент катары кыргыз макалдарын карасак, мисалы, «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт» деген макалды алганда, анда таяке–жээн, таене, таята, тайлар, төркүн-төс, кайын-журт сыяктуу туугандык байланыш түшүнүктөрүнө жана «Жээн келгенче жети бөрү келсин» деген элдик түшүнүккө да өзүнчө комментарий берүү зарыл болот.

Ар түрдүү тилдерди изилдөөдө немис философу, филологу, укук таануучусу жана мамлекеттик ишмери Вильгельм фон Гумбольдт (1767–1835) тилдин мүнөзү менен элдин мүнөзүнүн ортосундагы өз ара байланышты негиздеген. Анын башкы лингвистикалык эмгеги — «Адам тилдеринин түзүлүшүндөгү айырмачылыктар жана бул айырмачылыктардын адамзаттын руханий өнүгүүсүнө тийгизген таасири» (1836) — бул багыттагы фундаменталдуу изилдөөлөрдүн бири болуп саналат.

Бул эмгектин негизги тезиси боюнча тил — ишмердүүлүктүн продуктусу эмес, тескерисинче, ошол ишмердүүлүктүн өзү болуп саналат. Бул эмгекте коюлган идеялар бүгүнкү күнгө чейин өз актуалдуулугун жоготкон эмес. Гумбольдт биринчи жолу тил улуттун мүнөзүнүн калыптанышына түздөн-түз таасир этерин жана тескерисинче, элдин мүнөзү да тилдин өнүгүүсүнө олуттуу таасир тийгизерин белгилеген.

Германияда В. фон Гумбольдт тарабынан тилдин ички формасы жана тышкы формасы деген түшүнүктөр илимий жүгүртүүгө киргизилип, бул категориялар тилдеги менталдык процесстер менен тыгыз байланышта каралган. Окумуштуунун пикири боюнча: «Ар түрдүү тилдер өзүнүн маңызы жана сезимге тийгизген таасири боюнча дүйнөнү ар башкача көрүү жана таанып-билүү формасы болуп саналат», ошондой эле «Тилдин өзгөчөлүгү улуттун ички уңгусуна таасир этет, ошондуктан тилди изилдөө тарых менен философия адамдын ички дүйнөсү жөнүндөгү бардык маселелерди камтууга тийиш» [4, 370–377-б.].

«Лаций жана Эллада» эмгегинде Гумбольдт грек тилинин мүнөзүн талдап чыгып: «Тилди көмөкчү каражат катары колдонбой туруп, ар бир улуттук өзгөчөлүктү изилдөө мүмкүн эмес, анткени улуттук мүнөздүн бүтүндөй өзөгү тилде сакталат», - деп белгилеген [3, 303-б.].

Бул изилдөөнүн жаңычылдыгы — окумуштуу ар түрдүү тилдик формалардын артынан ой жүгүртүүнүн ар түрдүү моделдерин жана дүйнөнү ар башкача кабыл алуу системаларын көрө алганында. Натыйжада Гумбольдт маданияттын өзгөчөлүгү тил аркылуу ишке ашарын жана тил маданий дүйнө таанымдын негизги көрсөткүчү экенин тыянактаган.

Вильгельм фон Гумбольдттун концепциясы боюнча тилдин тышкы формасына анын материалдык берилиши болгон тыбыштык материясы, ошондой эле грамматикалык жана этимологиялык структуралары кирет. Тышкы форма тил аркылуу жеткирилүүчү тыбыштардын жана грамматикалык эрежелердин жөн гана жыйындысы эмес, ал — тилдин ички формасынын таасири астында калыптанган ойду уюштуруу жана билдирүү ыкмасы болуп саналат. Ал эми ички формага сөздүн уңгусуна таандык маанилик белги, башкача айтканда, заттын аталышы кирет. Гумбольдт биринчилерден болуп тил адамга таасир этерин жана бул таасир адамдын ой жүгүртүүсүн аныктай турганын белгилеген. Ар түрдүү тилдердин болушу ой жүгүртүүнүн ар түрдүү типтеринин бар экенин билдирет.

В. А. Маслова Гумбольдттун идеяларынын негизги концепцияларын төмөнкүдөй белгилейт:

1. материалдык жана руханий маданият тил аркылуу ишке ашырылат;
2. ар бир маданият улуттук өзгөчөлүккө ээ, анын улуттук мүнөзү дүйнөнү өзгөчө кабыл алуу аркылуу тилде чагылдырылат;
3. ар бир тилге өзүнө гана тиешелүү ички форма мүнөздүү болуп, ал «элдик рухту» жана анын маданий компетенттүүлүгүн камсыз кылат;
4. тил — адам менен айлана-чөйрөнү бириктирип турган ортомчу байланыш каражаты болуп саналат [5, 237–238-б.].

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5


Лингвистикалык релятивизм катары белгилүү болгон Сепир–Уорф гипотезасы тилдин структурасы жана өзгөчөлүгү адамдын ой жүгүртүүсүнө жана дүйнөнү кабыл алуусуна таасир этерин, ошондой эле адамдын аалам жөнүндөгү элестетүүлөрүн жана маданий нормаларын калыптандырарын негиздейт. Башкача айтканда, адам кайсы тилде сүйлөсө, ошол тил анын дүйнө таанымын калыптандырат деген идеяны камтыйт.

Америкалык окумуштуулар Эдуард Сепир (1884–1939) жана Бенджамин Уорф (1897–1941) тилдик релятивдүүлүк гипотезасынын, же Сепир–Уорф гипотезасынын негиздөөчүлөрү болуп эсептелет. Бул окумуштуулардын пикири боюнча, тилдин структурасы анын ээлеринин дүйнө таануусуна, сезим-туюмдарына, көз караштарына, ошондой эле адамдагы когнитивдик процесстерге тикелей таасир этет [6]. Бул көз караш Гумбольдт тарабынан мурда айтылган идеянын уландысы болуп саналат.

Гумбольдт өз доорунда адамдын заттарга болгон мамилеси толугу менен тил аркылуу шартталат деп белгилеп, тил адамды белгилүү бир «сыйкырдуу айланага» камтый турганын айткан. Ал: «Ар бир тил өзүнө тиешелүү болгон элди айланага курчап алат. Бул айланадан башка айланага өтүү менен гана чыгууга болот», - деп жазган [3, 303-б.].

Гумбольдттун теориясы боюнча, тил — бул «элдик рух», ал элдин болмуштагы ордун жана маданияттын реалдуулугун чагылдырат, анткени инсан маданиятты тил аркылуу гана тааный алат. Ушул ойду улантып, В.А.Звегинцев өзүнүн комментарийлеринде Гумбольдттун төмөнкү пикирин келтирет: «Элдин тилинин руханий өзгөчөлүгү жана анын түзүлүшү бири-бирине ушунчалык терең сиңишкендиктен, биринчисин изилдөө аркылуу экинчисин да оңой табууга болот. Эс-акылдын ишмердүүлүгү менен тил бир бүтүндүк катары иштеп, экөөнү тең канааттандыра ала турган формаларды жаратууга түрткү берет» [7, 360-б.].

А. А. Потебня бул тууралуу мындай деп жазат: «Рух — бул сөз аркылуу гана жаралуучу түшүнүк деп эсептесек, анда аны аң-сезимдүү акыл-эстин ишмердүүлүгү катары кабыл алуу менен бирге, рухтун тилсиз мүмкүн эместигин көрөбүз. Анткени рух тилдин жардамы менен калыптанат жана андагы биринчи маанилүү көрүнүш — тил болуп саналат» [8, 37-б.].

Жогоруда каралган тил жөнүндөгү маселелердин негизинде кыргыз тилдүү инсандын калыптанышындагы идентүүлүктүн жаралышын жана өнүгүүсүн карап көрөлү. Кыз бала төрөлдү, ал эми эркек бала туулат, «туу туткан уул келди» деп айтылат. Кыргыз коомунда кыздар «төр ээси» катары кабылданып, алар төркүлөп келип турушат, бирок алардын турмуш-тиричилиги өзүнчө болот. «Кызга кырк үйдөн тыюу» деген түшүнүк кыздын адеп-ахлактык тарбиясына өзгөчө көңүл бурулушу керектигин билдирет, анткени ал болочок эне катары каралат.

Ошол эле учурда кыргыздар кыздын «кырк чачына» өзгөчө маани берип келишкен. Чачты көрүнгөн жерге таштабоо керек деген түшүнүктүн артында терең символикалык жана дүйнөтаанымдык маани жатат: чач адамдын ажырагыс бөлүгү катары кабыл алынып, ал тирүү мүчөгө тете деп түшүндүрүлгөн. Түшкөн чачты ачык жерге таштабастан, аны көмүү же жашыруу зарыл деп эсептелген. Ушундай эле түшүнүк тырмакка да тиешелүү болгон. Бул бир жагынан адамдын дене бөлүктөрүнө сак мамиле кылууну, экинчи жагынан тазалыкка үйрөтүүнү билдирет.

Кыргыз дүйнөтаанымында адамдын денеси физикалык гана эмес, руханий же «жука дене» менен да байланышта деген түшүнүк орун алган. Бул жагдайды белди бекем буу, кур тагынуу, кемер кийүү сыяктуу салттык талаптар да тастыктайт. Кур адамдын денелик жана руханий чек арасын символикалык түрдө коргоочу каражат катары кабыл алынган. Элдик «Бекбекей» ырында да: «Бекбекей качты бел ашты, белине белбоо жарашты» деп айтылып, белбоонун адамдын абалын жана коопсуздугун билдирген символдук мааниси чагылдырылат.

Кыргыз салтында чач жасалгасы да социалдык статусун аныктоочу белги болгон. Мисалы, наристелерге беш көкүл өрүлгөн, тестиер кыздарга кырк өрүм чач мүнөздүү болсо, келин болгондо чач эки өрүм болуп, артына ташталып, чач учтугу тагылган. Бул белги келиндин үй-бүлөлүк статусун гана эмес, анын коомдогу ордун да билдирген символдук функцияны аткарган.

Кыргыз эл жомокторунда да чачка байланышкан символика кеңири кездешет. Мисалы, хандын уулу колукту издеп чыкканда, акылман ага: «Үйгө киргенде тарагын байка, эгер тарагы кир жана чачы жабышкан болсо, андай кызга үйлөнбө», - деп кеңеш берет. Бул кеңеш аркылуу элдик педагогикада балага кичинесинен эле жакшы менен жаманды айырмалоо, адеп-ахлактык баалуулуктарды түшүнүү идеясы берилген.

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

Дагы бир кыргыз эл жомогунан мисал келтирсек, бир күнү ханзаада суу тегирменинин токтоп калганын көрөт. Суу бойлой өйдө басып барса, тегирмендин дөңгөлөгүнө бир тал узун чач оролуп калып, тегирменди токтотуп койгонун байкайт. Ханзаада буга айран-таң калып, «эгер бир тал чач ушундай күчкө ээ болсо, анда бул кыздын өзү кандай касиетке ээ болду экен?» деген ой менен аны издеп жөнөйт. Бул мисал кыргыз маданиятында чачка өзгөчө символдук маани берилгенин айкын көрсөтөт.

Чачты ар дайым жашырууга, көрсөтпөөгө аракет кылуу салты кыргыздарга гана эмес, башка элдердин айрым маданий практикаларында да кездешет. «Жука денени» сактоо түшүнүгү менен жаш кыздарга үкү топу кийгизүү, тумар тагуу, акак топчу колдонуу сыяктуу ырым-жырымдар кеңири колдонулган. Бул аракеттер «көз тийбесин», «кирене кирбесин», «сук өтпөсүн» деген ишенимдерге негизделген.

«Жыланңайлак, жыланңбаш, тастаңдаган…» деген элдик образдар албарсты сыяктуу мифологиялык түшүнүктөр менен да байланышта каралат. Жесир аялдын чачын жайышы анын коргоочусуз калганын билдирген символдук белги катары чечмеленген. Ошентип, чачка байланышкан ырым-жырымдар кыргыз дүйнөтаанымында көп катмарлуу мааниге ээ болгон. Жыланңбаш жүрүү, баш кийимсиз болуу кыргыз салтында терс көрүнүш катары кабыл алынган. Убакыттын өтүшү менен кыздар жаш өзгөчөлүгүнө жараша баш кийимдерди кийип жүрүшкөн: үкү топудан кийин өспүрүм кыздар тебетей же кеп такыя кийишсе, турмушка узап жаткан кыздар шөкүлө кийишкен; жаш келиндер жоолук салынып, ал эми байбичелер элечек тагынган.

Эркектердин баш кийими да өзгөчө сый менен каралган. Суусар тумак, суусар тебетей, ак калпак сыяктуу баш кийимдер материалынан, өң-түсүнөн жана оймо-чиймесинен улам ээсинин социалдык абалын жана статусун билдирген. Ошондой эле баркыт бешмант, чий баркыт чапан, карышкыр тон, илбирс ичик сыяктуу кийимдер да кыргыз эр-азаматтарынын салттык кийим маданиятынын бөлүгү болгон. Элдин каада-салты кыргыз маданиятынын негизин түзүп, элдик педагогиканын калыптанышына шарт түзгөн. Бул процесс кыргыз элинин айкөл мүнөзүнүн жана дүйнөтаанымдык өзгөчөлүгүнүн калыптанышына да таасир эткен. Совет доорунда кыргыздын эне тили гана эмес, байыркы маданияты, каада-салты жана кийим-кече маданияты да өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Мындай өзгөрүүлөр менталдык процесстерге да таасир этип, доордун контексти жана тилдеги фондук талаа (В. Костомаров) олуттуу трансформацияга учураган. Ушул жагдайда «көп иденттүү жаран» деген түшүнүк да бардык кырдаалды толук түшүндүрүүгө жетишсиз болуп калат. «Эмне үчүн биздин эл уңгужолдон саамга четтей түштү?» деген суроонун бир жообу дал ушул тарыхый-маданий жана тилдик өзгөрүүлөр менен байланыштуу.

Азыркы учурда кыргыз тилинин фондук талаасы ааламдашуу процесстеринин жана технологиялык өнүгүүнүн натыйжасында англис тилинин таасиринин күчөшүнө, башкача айтканда, лингвистикалык экспансияга дуушар болууда.

Жогоруда аталган теориялардын негизинде, кыргыз тили эң байыркы тилдердин бири болгондуктан, ал кыргыз элинин мүнөзүнүн, дүйнө таанымынын, адеп-ахлактык ченемдеринин жана мыйзамдык түшүнүктөрүнүн калыптанышына, ошондой эле элдик мүнөздүн өнүгүү процессинде пайда болгон салт-санаалардын жана улуттук баалуулуктардын калыптанышына олуттуу таасир тийгизгени талашсыз. Кыргыз тилинин байыркы жана ийкемдүү тилдердин бири экендиги бир муундан турган сөздөрдүн көптүгү аркылуу да тастыкталат: мисалы, *ит, ат, эт, от, зат, кат, бак, бал, жал, кар* (жалпы зат атоочтор); *кол, бут, көз, каш, чач, тил, тиш, ич, бет* (соматизмдер) ж.б.

Кыргыз тилинде грамматикалык род (эркек, аял, орто, жалпы род) категориясынын жоктугу, ошондой эле көптүк маанинин айрым учурларда жекелик форма аркылуу да берилери (мисалы: *балдар келди/келишти*) бул тилдин морфологиялык өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Мындай мисалдар кыргыз тилинин байыркы тилдик системага таандык экенин жана анын дүйнө таанымдык моделдин калыптанышына олуттуу таасир эткенин тастыктайт.

Лингвомаданияттык компетенцияны калыптандырууда кыргыз тили сабагы базалык түшүнүктөрдү кыргыз тилинде өздөштүрүү менен катар тарых, маданият, адеп-ахлак, салт-санаа жана дүйнө таанымга байланышкан концепттерди комплекстүү түрдө интеграциялап окутууну камсыздайт. Ошондуктан «Уңгужолду» ишке ашырууда кыргыз тили сабагына өзгөчө милдет жүктөлөт.

Белгилүү болгондой, «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу тогуз бөлүктөн турат. Уңгужолдун IV бөлүгүндө каралган негизги багыттарга ылайык кыргыз тилин окутуунун мазмундук багыттарын төмөнкүчө бөлүп кароого болот [1]:

1. таалим-тарбия, илим, билим жана маданият;
2. айлана-чөйрө;
3. экономика;
4. мамлекеттик тил;
5. социалдык мамилелер;
6. дене тарбия жана спорт;
7. дин.

Берилген багыттар боюнча кыргыз тилин окутууда окутуучу ар тараптуу методдорду колдонууга тийиш. Заманбап окутуу ыкмалары катары классикалык системадан тышкары интерактивдүү, коммуникативдик, интенсивдүү, проекттик (долбоордук), оюн технологиялары жана мастер-класстар аркылуу окутуу ыкмалары кеңири колдонулат.

Акыркы талаптарга ылайык, тилди окутууда текст менен иштөөгө өзгөчө көңүл бурулат: текстти тандоо, негизги ойду аныктоо, орчундуу маселелерди бөлүп көрсөтүү, талдоо жүргүзүү жана маалымат менен иштөө аркылуу окуучунун кеп ишмердүүлүгүн жана коммуникативдик компетенциясын өнүктүрүү максаты коюлат.

Негизинен, долбоордук ыкмада окуучулар 4–5 топко бөлүнүп, ар бир топко маалымат чогултуу, аны иштеп чыгуу жана тексттерден таалим-тарбиялык, адеп-ахлактык мазмундагы материалдарды иргеп алуу тапшырмасы берилет. Бул ыкма окуучулардын изилдөөчүлүк жөндөмүн, аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана топто иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

1-таблица. Кыргыз тили сабагында текст менен иштөө ыкмалары

| 1.Текстти тандоо, негизги ойду белгилөө | 2.Белгиленген ойдон 1-2 негизги жерин тактоо | 3.Текстке чейинки көнүгүүнү даярдоо | 4.Текстти окуп, суроого жооп табуу | 5.Текстти окуу, сөз айкаштарга ажыратуу | 6.Тексттен кийин аткарыла турган көнүгүүлөр |
|---|---|---|---|---|---|
| -эмнени алат, темасы | -изилде | -сөздүк иш | -суроолорду коюу | -негизги сөздөрдү тап | -мугалим өзү даярдайт |
| -ой тизмеги | -идеясын аныкта | -эмне жөнүндө | - актуалдуу маселе | -сүйлөм түз | -топтор менен иштөө |
| -тексттеги жооп | -тике жооп тап | -талкуулап окуу | -тике жооп жок болсо... | -абзацка бөлүп көр | тил каражаттары |
| -кыйыр маалымат: *арзан сатылат* | -мисалы, *арзан күрүч (эмне себептен?)* | -көйгөйгө өз мамилеңди айт: *мүмкүн күрүч эски* | сурамжылоо жүргүзүү, топторго анкета берүү | -текстти айтып берүү үчүн план түз | -киринди сөздөр, синонимдер ж.б. |
| -темага монолог түзүү | -дискуссияны даярда, интервью ал | -диалог түз | -реферат жазуу | -текстти кыскартуу жана кошуу | -канча текст түзүлдү? Аныктоо. |

Жогоруда аталган ыкмалар окууга адаптацияланган жана аутенттик тексттер менен иштөөдө колдонулушу абзел. Ал эми биз *микротекст* деп эсептөөчү прецеденттик тексттер жана макал-лакаптар (паремиологиялык материал) менен иштөөдө алардын өзгөчөлүгүн эске алышыбыз шартка туура келет. Эпостун стили көркөм стилге кирет жана анын ичинен кайрылуу, чакырык, шыктандыруучу ураандын колдонулушу менен публицистикалык риторикага ээ болуп кетиши да кездешет. Типтик бөлүнүшүн карасак, мисалы, *Атка жеңил, тайга чак, Бала баатыр эр Сыргак* – сүрөттөө, *Муну мындай таштайлы, ар жактагы көк жалың, Ошондон кабар баштайлы* – баяндоо, *Атаңдын көрү дүнүйө, жамандык кылдым кимиңе?* – ой жүгүртүү. Тилди прецеденттик тексттин мисалында окутуу тил үйрөнүүчүлөрдөн эпостун сюжети, темасы жана идеялары менен тааныш болуусун талап кылат. Мындай натыйжага жетүү үчүн уңгу жолдун таянымдарын колдонуп, жөнөкөйдөн татаалга өтүп, бир муундуу соматизмдерден баштап, андан сөз айкашын тааныштырып, андан соң гана фразеологизм, паремиянын өзүн талдап, акырында прецеденттик текст менен иштөө дурус болуп саналат.

Изилдөөчү белгилеп кеткендей: “Манас” эпосунан алынган прецендenttик тексттерге кайрылсак, адамдардын ысымдары: Манас (элдин башын бириктерген көрөгөч хан, азаптан куткаруучу, эр жүрөк баатыр), Каныкей (асыл жар, уз, эне, көсөм, билгич, эптүү, чыныгы ханыша),

Бакай (караңгыда көз тапкан акылман, кары, урматтуу, сабырдуу, билерман, өлбөс), Кошой (улгайган, бирок баатырдыгынан тайбас, жоого алдырбас, жеңилбес баатыр), Жакып (хан, бирок бала көрбөй жүргөн; байлыгы толтура, бирок, эли-жерине жете албай арман күн көргөн, Манас баатырдын атасы), Чыйырды (хан Жакыптын байбичеси, жолборстун жүрөгүнө талгак болгон, Манастын энеси), Семетей (Манастын уулу, тентек болуп, тайларында чоңойгон), Айчүрөк (сулуулардын сулуусу, ак куу болуп кубулуучу сыйкырдуу касиетке ээ, Семетейдин жары), Алмамбет (теги кытайлык баатыр, Манастын кан досу, таарынычы көп, армандуу баатыр), Көкчө (казак баатыр, чыныгы дос)" [9, 277-б.]. Буга ылайык, төмөндө прецеденттик текстти өздөштүрүү ыкмасы сунушталды.

2-таблица. Кыргыз тили сабагында уңгужол багыттары боюнча окутуу ыкмалары

| Ыкмасы | Лексема | Сөз айкашы, же цитата | Фразеологизм | Макал-ылакап | Прецеденттик текст |
|---|---|---|---|---|---|
| салыштыруу | Баш, каш, тиш, чач | *Каалгадай кашка тиш* | Кабагына кар жаап, мурутуна муз тоңду | Кулаалыдан куш кылган, Курамадан журт кылган | Манас – жол башчы, эр жүрөк баатыр, коргоочу |
| талдоо | Көсөм, көрөгөч | *Мен билгенди билдиңби, мен түйгөнды түйдүңбү* | Караңгыда көз тапкан... | Караңгыда көз тапкан, капилет жерден сөз тапкан | Бакай – акылман, кеңешчи, сабырдуу карыя |
| сүрөттөө | Көк бет | *Көк жалдыгы билинди* | Чубактын кунундай... | Чубактын кунундай чубалган иш | Чубак – Манастын кырк чоросунун бири, анын кунун кубалоо тарыхы бар |
| *ачылыш*, же *эврика* методу | эне | *Кайран энең* | Кайран энең Каныкей | Чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган | Каныкей – Манастын жары, кыргыздардын энеси, идеалдуу образ |

«Элүү жылда эл жаңы» демекчи, муундар алмашып, дүйнө сүрөтү өзгөрүп, жаңы мазмундук катмарлар менен толукталып турат. Тилчинин пикири боюнча: «Элдин ар дайым угуп, окуп жүрүүчү текстери алмашып, жаңыланат. Кээ бир эски сөздөр унутулуп, колдонулуудан чыгып баштайт. Мурунку улуу муун үчүн хрестоматиялык болуп калган, прецеденттик тексттер кийинки муундар үчүн түшүндүрмө жана атайын чечмелөөнү талап кылат. Ошондуктан прецеденттик тексттер окутуунун жана үйрөнүүнүн негизин түзөт. Прецеденттик текстти кабыл алууга даяр инсан ошол тексттин фондук билимин билүүгө тийиш. Эгерде коммуникация катышуучулары айтылган ойду түшүнө албаса, анда баарлашуу ийгиликсиз деп эсептелет» [9, 278-б.].

Жыйынтыктап айтканда, уңгужолдун багыттарынын негизинде мамлекеттик тилди окутууда сөздөн, лексемадан, туруктуу сөз айкаштарынан жана паремиологиялык фонддон баштап, эпостордогу, айрыкча «Манас» эпосундагы прецеденттик тексттердин фондук талаасын эске алуу менен тилди үйрөтүү — азыркы заманда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.

*Корутунду.* Тилдин элдик мүнөздүн калыптанышына тийгизген таасири жана тескерисинче, элдин жашоо шартынын, салт-санаасынын, үрп-адатынын тилдин өнүгүшүнө тийгизген таасири эки кылымдан ашуун убакыттан бери дүйнөлүк филология, лингвистика, социология, психология жана психолингвистика сыяктуу илим тармактары тарабынан изилденип келет. Азыркы учурда кыргыз жарандарынын көп иденттүүлүккө — орус, англис, түрк, өзбек, корей, кытай, уйгур, казак, дунган ж.б. маданий жана тилдик иденттүүлүктөргө ээ болушу менен катар, кыргыз тилин жетиштүү деңгээлде өздөштүрбөгөндүгүнө байланыштуу улуттук баалуулуктардан алыстоо, кыргыз элине мүнөздүү коммуникативдик жүрүм-турумдун начарлашы байкалууда. Бул көрүнүш эне тилди билбөө менен гана чектелбестен, кыргыз элинин руханий уюткусунан алыстоо коркунучун да жаратат. Бул жагдайда Кыргыз Республикасынын Президентинин «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу тууралуу Жарлыгы окутуучулар үчүн тилдик компетенцияларды калыптандырууда түздөн-түз усулдук багыт берүүчү маанилүү документ болуп саналат. Аталган талаптардын негизинде бул макала окуучулар менен ар түрдүү тексттердин үстүндө иштөөнүн методикалык негиздерин ачып көрсөтөт жана анын ичинде «Манас» эпосунда кездешүүчү прецеденттик тексттер менен иштөөнүн натыйжалуу ыкмаларын сунуштайт.

## *Адабияттар:*

1. Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилген) // Бишкек. 18.12.2024. [Электрондук ресурс] – Интернет булагы: https://cbd.minjust.gov.kg/18-11/edition/23328/kg (кайрылган күнү: 19.06.2026.)
2. Молдокматова Н.Т. Русские глазами кыргызов / Н.Т. Молдокматова // Россия и мир: вчера, сегодня, завтра. Проблемы филологической науки: материалы международной научно-практической конференции. 17 декабря, 2012 г. – М.: МГИ им. Е.Р. Дашковой. – 2012. – С. 51-52.
3. Гумбольдт В. фон. О различии строения человеческих языков и его влиянии на духовное развитие человечества / Гумбольдт В. фон. // Избранные труды по языкознанию. – М.: Прогресс, 1984.
4. Гумбольдт В. фон. Язык и философия культуры / Гумбольдт В. фон. – М.: Прогресс, 1985.
5. Маслова В. А. Homo lingualis в культуре: Монография / В. А. Маслова. – М.: Гнозис, 2007.
6. Теория Сепира –Уорфа // [Электрондук ресурс] – Интернет булагы: https://vk.com/@olymp_ru-teoriya-sepira-uorfa. (кайрылуу күнү: 23.06.2025).
7. Звегинцев В. А. О научном наследии Вильгельма фон Гумбольдта / В. А Звегинцев, Гумбольдт В. фон.// Избранные труды по языкознанию. – М.: Прогресс, 1984. – С. 356-362.
8. Потебня А. А. Мысль и язык. 4-е изд. / А. А. Потебня – Одесса: Гос. издательство Украины, 1992.
9. Молдокматова Н.Т. “Манас” эпосундагы жана орус былиналарындагы прецеденттик тексттердин маданияттык код катары колдонулушу / Н.Т.Молдокматова // Известия вузов Кыргызстана. №5. – Бишкек. 2021. – 276-279-б.